№ 3 усулдук
кеңешменин чечими
менен каралды.
«24» 12 2020-ж.

Бекитемин
мектеп директору: ________
Сарытаева Д. Т.
«25» 12 2020-ж.

# Кызыл-Кыя шаарына караштуу Токтогул атындагы №6 орто мектебинин усулдук каанасы жөнүндөгү ЖОБО

## 1. Жалпы жобо

1.1. Усулдук каана жөнүндөгү ЖОБО Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жөнүндөгү мыйзамынын негизинде түзүлөт.
1.2. Усулдук каана педагогикалык кадрлардын Билим Берүү системасындагы методикалык иштердин формасы болуп саналат.
1.3. Усулдук каана – билим берүү мекемесинде топтолгон иштерди, мугалимдердин өз предметтери боюнча чыгармачылык иштерин аткарууга, сабакка керектелүүчү көргөзмө куралдарды жасоо үчүн жана бири-бири менен тажрыйба алмашуу үчүн жай болуп эсептелинет.
1.4. Усулдук каана мектеп директору жана окуу бөлүмүнүн башчысы тарабынан башкарылат.
1.5. Мектептин усулдук каанасынын негизги тапшырмаларын аткаруу, окуу-методикалык материалдык жоопкерчилиги директордун приказы менен окуу бөлүмүнүн башчысына жүктөлөт.
1.6. Мугалимдин ишмердүүлүгүндө усулдук каана мектептин методикалык кеңешмесине киргизилген.

## 2. Усулдук кааканын максаты жана тапшырмалары

2.1. Усулдук кааканын максаты: методикалык иштерди өткөрүү, ошондой эле бирдиктүү, маалыматтык жана методикалык иштерди жасоо болуп саналат.
2.2. Усулдук кааканын тапшырмалары:

- ✓ Педагогикалык ишчилердин квалификациясын жогорулатуу үчүн үзгүлтүксүз шарт түзүп берүү;
- ✓ Бардык ишчилерди педагогикалык процесс учурунда жаңы технология менен окутуу, тарбиялоо үчүн шарт түзүү;
- ✓ Кыйынчылыкка кабылган мугалимдерге методикалык жардам көрсөтүү;
- ✓ Мугалимдердин чыгармачылык жактан өнүгүүсүнө, өсүүсүнө, өзүнүн индувидуалдык жагын ачууга колдоо көрсөтүү;
- ✓ Мектептеги мыкты мугалимдердин тажрыйбасын жайылтуу.

## 3. Усулдук кааканын ишмердүүлүгүн уюштуруу мазмуну.

3.1. Усулдук каана дайыма мектеп мугалимдери менен методикалык иштерди уюштурат.

3.2. Усулдук каана:

- Окуу программасын, методикалык материалдарды, окутуу ыкмаларын өздөштүрүүдө жана окуучулардын өнүгүүсүн жана тарбиясын өнүктүрүүдө методикалык жардам көрсөтөт (мектептерде окуу процессинин жүрүшүндө жана психологиялык жактан коштоп жүрүү мезгилинде);

- Эффективдүү иштерди жана алардын натыйжасын камсыздайт;

- Методикалык иштердин мазмуну боюнча убактылуу чыгармачыл топторду түзөт;

- Педагогикалык кадрлардын профессионалдык компотенттүүлүгүн жогорулатууда ар кандай методикалык иштерде: семинар, консультация жана ачык сабактарга катышууга укук берет;

- Мугалимдерге ар кандай тажрыйбалуу кадрлардан тажрыйба алууга шар түзүп берет.

3.3. Усулдук каанада төмөнкүлөр болуусу керек:

- Малекеттик Билим Берүүдөгү ар кандай жаңылыктар;
- Интернеттеги Билим берүү сайттары;
- Мектептин ишмердүүлүгү жөнүндө актуалдуу суроолор боюнча методикалык адабияттар, гезитке чыккан билим берүү боюнча макалалар жана статьялар;
- Педагогикалык тажрыйбалардын, чыгармачыл долбоорлордун, гранттардын жана конкурстук иштерди чагылдырган иштелмелер;
- Ар бир метод бирикмелердин ишмердүүлүк материалдары;
- Педагогдордун жана окуучулардын жарыялары;
- Ачык сабактардын жана класстан тышкаркы табиялык сабактардын иштелмелери;
- Мугалимдер үчүн консультация, методикалык чогулуштардын өтүү графиктери;
- Окуу мекемесин чагылдырган ар түрдүү дубал гезиттер жана стенддер.

3.4. Усулдук каана мектептин педагогикалык кеңешмесинде бекитилген план боюнча иштейт.

## 4. Укуктары жана жоопкерчилиги.

4.1. Усулдук каана төмөнкүлөргө укуктуу:

- Методикалык сунуштарды, контролдук жана дидактикалык материалдарды көбөйтүүгө;
- Журнал, гезиттерге чыгарылуучу макалаларга методикалык материалдарды даярдоого.

4.2. Усулдук каанага төмөнкүлөр зарыл:

- Бекитилген иш планга ылайык, өз ишмердүүлүгүн аткаруу;
- Методикалык кеңеш менен биргеликте кабыл алынган планга өзгөртүүлөр киргизилген педагогикалык кадрлардын билим деңгээлин жогорулатуу;
- Өз ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз анализдөө.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ**
**МИНИСТРЛИГИ**
**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК**
**БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**
**Токтогул атындагы №6 орто мектеби**

**МИНИСЕРСТВО**
**ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ ОТДЕЛ**
**ОБРАЗОВАНИЯ**
**Средняя школа №6**
**им.Токтогула**

---

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2020-2021-окуу жылындагы усулдук кеңешинин № 3 протоколунан көчүрмө**

**24.12.2020-жыл** **Кызыл-Кыя шаары**

**Төрайымы: Сарытаева Д.Т.**

**Катчы: Кадырова Н.**

**Катышкан мугалимдердин саны: 34**

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

2. **Усулдук каана жөнүндөгү Жобо менен тааныштыруу**

**Угулду:**

**2- маселе** боюнча башталгыч класстар боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Б.Тойгонбаева билдирүү жасады: Урматтуу кесиптештер, мектептин окуу-тарбия ишинде усулдук кааананын мааниси чоң. Азыр усулдук каана тууралуу Жобо менен таанышып алсак.
Усулдук каана- билим берүү мекемесинде топтолгон иштерди, мугалимдердин өз предмети боюнча чыгармачыл ыкмаларды топтоого, тажрыйба алмашууга, көргөзмө куралдарды жасоого ой бөлүшүүчү жай болуп саналат.
Усулдук кааананын негизги тапшырмаларын аткаруу, окуу-методикалык материалдык жоопкерчилиги директордун буйругу менен окуу бөлүмүнүн башчысына жүктөлөт.
Усулдук кааананын максаты : методикалык иштерди өткөрүү, бирдиктүү маалыматтык жана методикалык иштерди жасоо болуп саналат.
Мындан сырткары усулдук каанада түрдүү методикалык жардамдар, көрсөтмөлөр, кесиптик чеберчиликти жогорулатуу курстарынан өтүү графиги ж.б. маалыматтарды жарыялоочу тактайчалар уюштурулат.
Усулдук каана атайын бекитилген иш пландын негизинде иш алып барат.
Жарыш сөзгө чыккандар болгон жок.

**Жогорудагы маселени карап усулдук кеңеш сунуш кылат:**

2.1 Усулдук кааананы уюштуруу жана иш планын түзүү Жобонун негизинде жүргүзүлсүн.
2.2 Жободо көрсөтүлгөн иш чаралар так , туура аткарылуусу предметтик мугалимдерге сунушталсын.

Окуу бөлүмүнүн башчысы: Разакова Н.Н.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ**
**ТОКТОГУЛ атындагы**
**№ 6 орто мектеби**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ГОРОД КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**сш №6 им.ТОКТОГУЛА**

**№ 31 буйруктан көчүрмө**

25.12.2020-жыл

Кызыл- Кыя шаары Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

**Усулдук каана жөнүндөгү Жобо менен тааныштуруу жөнүндө**

Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2020- жылдын 24- декабрындагы №3 усулдук кеңешинин 2- чечиминин негизинде **буйрук кыламын:**

a. Мектепте усулдук каана жөнүндөгү Жобо менен бардык предметтик мугалимдер тааныштырылып чыксын.
b. Усулдук каана жөнүндөгү Жобонун негизинде мектепте усулдук каананы уюштуруу иштери жүргүзүлсүн.
c. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы Разакова Н.Н.га жүктөлсүн.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.